# Бирөө баары үчүн…



Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Аруке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

# Бирөө баары үчүн…

Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бирөө баары үчүн…" (кыргыз тилинде), автор Айгуль Джапарова, сүрөтчү Арууке Исакова, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Танаписке коңгуроо кагылды. Болот жана Дима башка балдар менен карточка ойногону чуркап чыгышты. Дима утуп жаткан. Ал ар кандай мультфильмдин каармандары жана супер баатырлардын сүрөттөрү бар карточкаларды жоон таңгагын чогултуп алган болчу.

Балким, балдардын ар биринин кумирлери бар чыгар. Дима Жөргөмүш-кишини жакшы көрөт. Ал – адамдарга жардам берген каарман. Бала да ар дайым өзүн супер күчү бар деп эсептейт. Бирок чыныгы жашоодо бардыгы тескерисинче. Дима арык, бою кичинекей бала болчу. Ошондуктан балдар аны "кодо" деп мазакташчу. Бир маалда бирөөнүн чоң алаканы карточкаларды басып калды. Асан кыйынсынып карточкалардын бардыгын чогултуп алды. Дима башын өйдө көтөрүп, ыза толгон көздөрү менен аны карады.

– Келе бери, бул меники, – деди ал.

– Кана, далилдечи, кодо! – деп алтынчы класста окуган Асан шылдыңдап күлдү.

– Келе деп жатам. Сеники туура эмес, – деп досу үчүн Болот ортого түштү.

– Улууларды сыйлаш керек дегенди уккан эмес белең, – деп кыйынсынып сүйлөдү Асан.

Дима менен Болот анын көйнөгүнөн тартышты.

– Бер, бул сеники эмес!

Асан бурулуп туруп, алгач Болотту, анан Диманы бир койду. Андан кийин чоң муштумун балдардын бетине такап:

– Момуну көрдүңөрбү? Дагы бир жолу алдымдан чыксаңар, көргүлүктү көрөсүңөр, – деди.





Балдар баштарын шылкыйтып, класска киришти.

– Кечээ ушул Асан менин чүкөлөрүмдү тартып алган, – деди окуяны карап турган Нурбек.

– Менин шоколадымды колуман жулуп алган, – деп Таня да арызданды. Көрсө, бул тентек бала көптөн бери кичине класстагы балдарды коркутуп алган турбайбы.

– Бул баланы эмне кылуу керек экенин ойлонолу. Биз дайыма эле ушул каракчыга жем боло беребизби? Келгиле, аны бир окутуп коёлу. Сабактан кийин бардыгы Айжамалдын үйүнүн жанына чогулушту.

– Кана, балдар, бир чечимге келели. Бизде укмуш жөндөмдөр болбосо да, бардыгыбыз бириксек, чоң күч болобуз.

– Келгиле, Жөргөмүш-киши деген топ бололу. Себеби ал адамдарга жардам берет эмеспи. Бул Асан бизден башкаларды да ыза кылып жүрөт, – деди Дима.

– Мен мушкетёрлор жөнүндө кино көргөм. Алардын: “Бирөө баары үчүн, бардыгы бирөө үчүн” деген девизи бар болчу.

– Туура, туура! Биз бириксек, күч болобуз, – деп Нургүл кыйкырып жиберди. Бир топ ойлонгондон кийин балдар танаписке бирге чыгууну сүйлөшүштү. Балдар да, кыздар да бири-бирине жакын ойноону чечишти. Эгер тиги бала кол сала турган болсо, чогулуп каршылык көрсөтмөй болушту.







Кийинки күнү танаписке коңгуроо кагылды. Балдар бири-бирин карап, сырдуу жылмайышып, мектеп короосуна чуркап чыгышты. Карточка оюну жандуу ойнолуп жаткан.

– Кана, чабактар, чачырагыла! Карточканын баарын мага бергиле. Анда көрө, барып тамга үйрөнгүлө, – деген баягы Асандын тааныш үнү угулду.

– Сен биринчи өзүң тамга таанийсыңбы? – деген Диманын үнү чыкты. Ал класстагы балдардын баары жанына чогулганын байкады.

– Эй, кодо, сени элеби? Эмне кыйынсыңбы? Азыр кимдин тамга таанып-таанибасын көрөбүз, – деди ачууланып Асан. Ал Диманы көздөй коркутуп басты. Муштумдарын түйгөнү, жеңин түргөнү анын оюн ачык билдирип турду. Бир маалда ал ордунан жыла албай калганын байкады. Ондогон колдор аны көйнөгүнөн, шымынан тартышты. Асан бурулууга аракет кылды. Бирок кайдан? Ал ордунан козголо алган жок.

– Биз эми сени көзөмөлгө алабыз. Эгерде дагы бирөөнү таарынта турган болсоң, сонунду көрөсүң, – деди Дима тентек Асандын жанына келип, көздөрүн тике карап.




Балдар тез эле тентек окуучунун буусун чыгарып коюшту. Бир заматта анын бою кичирейип кеткенсиди. Асан өзү тийишип жүргөн балдар аны тегеректеп алганын көрдү. “Эч нерсе эмес. Мен силерди бирден кармап жайлайм” деп ойлонду ал.



Кийинки күнү Асан көнгөн адатынча короого чыгып “чабактарды” кармайм деп ойлоду. Кыздардын чакан тобу секиртмек ойноп жатышыптыр. Алардын секирткичин тартып алып, баш ийбегендерди жазалайын деди оюнда. Асан кыздарга байкатпай басып келди. Кыздар оюнун токтотуп калышты. Айка секирткич жиптин бир учун муштумуна байлап, экинчи учу менен жерди шарак эттире бир чапты. Таня да эриндерин дулдуйтуп, “Кана, бери келип көрчү” дегенсиди.





Жакын жерде өсүп турган сирендин арасынан Дима чыгып, Асанга муштумун көрсөттү.

Бактардын ары жагында да балдар “биз бул жерде баарын көзөмөлдөп турабыз” дегенсип, колдорун булгалап туруушту.

Асан коркконун билдирбегенге аракет кылды. Ал эч нерсе болбогонсуп калп ышкырып, акырын мектепти көздөй жылып кетти.

Анын артынан басып келе жаткан ондогон кадамдар угулду. Артын бурулуп караса, кыздар менен балдар келе жатышыптыр. Алар ага жеңүүчүлөрдөй болуп, жылмайып коюшту. Ушул жерден тийишчээк баланын чыдамы түгөнүп, артын карабай качып жөнөдү. Балдар каткырып жиберишти.

– Бирөө баары үчүн, баары бирөө үчүн деп балдар жапырт



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли